| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧУЙ ОБЛУСУ<br>ЧУЙ РАЙОНУ<br>ОНБИР-ЖЫЛГА АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЧУЙСКИЙ РАЙОН<br>ОНБИР-ЖЫЛГИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**30 январь 2026 –жыл № ___2___ с.Шамшы**

“Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүмдөрүн жана 2027-2028 жылга жергиликтүү бюджеттин божомолун бекитүү жөнүндө”

Онбир-Жылга айыл кеңешинин I чакырылышынын IX - сессиясы Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн каржы экономика бөлүмүнүн башчысы Женишбекова Гульмиранын маалыматын угуп жана талкуулап, 2027-2028 –жылга бюджеттин божомолун ст.78: Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 102-беренесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” мыйзамынын 31-беренесине ылайык, 2026-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүн жана 2027-2028 –жылга бюджеттин божомолун боюнча Онбир-Жылга айылдык Кеңеши :

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети атайын каражаттарын кошкондо 2026-жылга -29 495,1 миң.сом ; анын ичинен жергиликтүү бюджет 17 210,3 миң.сом , атайн каражат – 2 866,3 миң.сом жана тендөөчү грант- 9 418,5 миң.сом . 2027-жылга божомолу 21 690,6 миң.сом ; 2028 –жылга божомолу 23 455,6 миң.сом ( тиркеме №1, №2 ) ; киреше кварталдык бөлүштүрүү ( тиркеме №3) бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттин чыгыша бөлүмүнүн 2026-жылда -29 495,1 миң.сом каржылоодо биринчилерден корголгон беренелер ( айлык маяналар, социалдык фондко чегерүүлөр , бала бакчанын тамак –ашы ) , коммуналдык тейлөөлөр жана көмүр сатып алуу андан тышкары карыздарын төлөө каралсын.
3. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү аткарылбай калса , же ашыгы менен аткарылса райондук финансы башкармалыгынын макулдулугу менен бюджеттик комиссиянын отурумунда каралып , киреше жана чыгаша бөлүмүнө корректировка киргизилсин.
4. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн каржылоодо ацыл өкмөтүнүн муктаждыгына байланыштуу бөлүмдөн бөлүмгө , беренеден беренеге райондук финансы башкармалыгынын макулдугу менен бюджеттик комиссиянын отурумунда каралып жергиликтүү кеңештин чечими менен кварталдан кварталга бөлүмдөн бөлүмгө; беренеден беренеге жылдырылып берилсин.

5. Жергиликтүү бюджет боюнча 2026- жылга карата кассалык акча жүгүртүүсү райондук казына бөлүмүндө 50,0 миң. сом өлчөмүндө бекитилсин.
6. Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысы ( Женишбекова Гульмира)- Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин аткаруу процессинде, экономикалык кырдаал өзгөрүлгөн учурларда , Кыргыз Республикасынын Финансы министирлиги менен 2026- жылга карата киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча планды тактоо боюнча иштер квартал сайын жүргүзүлсүн;
- жергилиликтүү бюджеттин аткаруунун жүрүшүндө , жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылбагандыгына жана ашык аткаррылгандыгы күтүлгөн учурда , жергиликтүү бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүктөрүн баланстуу оңдоп-түүзөөгө уруксат берилсин;
7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине ылайк Онбир-Жылга айыл өкмөтү тарабынан коммуналдык кызматтар боюнча ( электр энергиясы, байланыш кызматтары үчүн төлөм ) коюлган ченем катуу коюлсун.
8. Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн бекитилген бюджетинин чыгаша жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын көзөмөлгө алуу Онбир-Жылга айыл өкмөтүнүн башчысына ( Исаев Н.А) жүктөлсүн.
9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөөмөлгө алуу Онбир-Жылга айылдык кеңешинин экономика , бюджет каржы , салыктар жана инвестициялар тартуу боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.
10. Ушул токтомдун расмий жарыялаган күндөн тартып аны мамлекеттик катто үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин тиешелүү аймактык бөлүктөрүнө “ ММК-Кызмат ” гезитине, мамлекеттик тилде жарыялансын.
11. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Онбир-Жылга айылдык Кеңешинин экономика жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
12. Ушул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага Н.К.Анарбаев